**8 б класс.** Кыргыз тили жана адабияты.
Эссе жазуу, темалар:
“Эмне үчүн адал мээнет, маңдай тер менен жашоо керек”
“Рэкетчилик – бул каракчылыкка машыгуу”
Караңгыда Ысмайыл үйүнө келди. Көтөргөн баштыгы бар, баштыктагы эт экенин билгенде Сейденин жүрөгү опколжуп: - Сен белең! Сен уурдап союп алдыңбы!, - деп таң кала карайт. Ысмайыл: - Унчукпа, ишиң болбосун! - деп аялын демитет. Андан кийинки окуянын өнүгүшүндө жазуучу Ысмайылдын Сейдеге ачууланып айткан сөздөрүн баяндоо менен анын өтө өзүмчүлдүгүн, өзүнүн жанын сактап калуу үчүн өзгөлөрдү кымындай да аёо сезиминин жоктугун сүрөттөйт. Кан күйгөн согушта Ысмайылдай болбосо да, башка мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланып жанын сактап калгандар деле болгон. Бул адамдардын татаал тагдырына согуш күнөөлүү. Бирок өзүмчүл, жан бакты адамдар тынч жашоодо деле, көп адамдарга зыянын тийгизип, камырабай, менин жашоом жакшы болсо болгону деп өмүр кечиришсе керек.
Сейде: - Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө, өзүбүздүн кунажынды союп алсаң болбойт беле!, - деди.
Ысмайыл: - Былжыраба! Мени үйрөткөндү коюп, өзүңдү бил. Заманың бөрү болсо, бөрү бол. Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт… Алган алып, жулган жулат!.. - Эмне унчукпайсың, яа! Эмне унчукпайсың дейм? Мен өзүбүздүн кунаажынды союп алсам, балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби, яа. Чаткалга жер ооп жетер белең, ушуну ойлойсуңбу, яа. Кетерибизге эми аз калганда, мени үңкүрдө ачтан өлсүн дейсиңби, аа! Же башкалар сага менден артык болуп кеттиби?... Жетишет, кышы менен калчылдап, тишимдин кирин соруп отурдум. Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин! Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм!... - деп киркирейт.
Ысмайыл кетеринде: - Көп сүйлөбөй этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу! - деп акыл үйрөтөт. Жогорудагы Ысмайылдын айткандарын окуп отуруп, Ысмайыл кандай адам? - деп суроо бергиң келет. Эмнеге ал өзүнүн кылган ишин туура деп ойлойт? Өзүн башкалардан акылдуу сезгени кандай?
Күйөөсүнө бүт ишенимин артып, аны жашоосунун маңызы катары туу тутуп жашап келген Сейде үчүн Ысмайылдын адамдыкка жатпаган жексур жүзүн көрүшү жаш келинди эсине келтирди.
Эртеси колунда баласы менен Сейде солдаттарга Ысмайылдын жашынган жерин көрсөтүү үчүн чыкты.Бетинен киргилт, тер куюлган капкара, түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип, жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, чачы бозала, жылаңбаш аялдын маңкайып турганын көрдү. Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын алыс ыргытты да колун көтөрүп Солдаттардын алдында турду.
**Ч. Айтматовдун “Бетме-бет” повестине “Ыймандын күчү” аттуу ой-толгоо дилбаян жазуу**

**9 б класс**
Эссе жазуу, темалар:
“Мендеги мээрим, күйүмдүүлүк жана таш боорлук”
“Эмне үчүн адал мээнет, маңдай тер менен жашоо керек”

**10 б класс**
Эссе жазуу, темалар:
“Мендеги мээрим, күйүмдүүлүк жана таш боорлук”
“Эмне үчүн адал мээнет, маңдай тер менен жашоо керек”
“Рэкетчилик – бул каракчылыкка машыгуу”
**Эскертүү**: баасы кыргыз тили жана адабият сабагына коюлат.